# Көп жылдан бери таштанды чогулган жерге айыл тургундары үчүн эс алуу паркын уюштуруу

# Баары эмнеден башталды?

- 2016-жылы Нарын облусунун, Нарын районунун Мин-Булак айылында жашап жаткан, айылдын жашоосуна кайдыгер карабаган айрым жарандар чогулуп, **“Жараандар Аракетте”** демилгелүү топ түздү.
- Демилгелуу топко 19 жараан кирип, алардын басымдуу болүгүн 68 % аялдар, ал эми 32 % эркектер түздү.
- Жаш курагы боюнча топтун мүчөлөрүнө 19 дан 50 жашка чейинки адамдар кирди.





# «Жарандар Аракетте» демилгелуу тобунун ишмердүүлүгү:

- Айыл тургундарынын катышуусунда сурамжылоо жүргүзүлдү. Катышуучулардын саны 347 адам, аялдардын саны 201.
- Жыйынтыгында айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрү аныкталды.

**Алар:**

- ***Балдардын жана жаштардын эс алуусуна шарттын жоктугу (эс алуучу парктар, балдар ойногон аянтчалар);***
- ***Таштанды маселеси;***
- Сугат суунун жетишсиздиги (талаага барган каналдардын тазаланбагандыгы, суу бурмаларынын курулбагандыгы);
- Айыл ичиндеги трансформаторлордун айланысынын тосулбагандыгы;
- Көчөлөрдүн жарыктандырылбагандыгы;
- Жаштардын кошумча билим алуусуна шарттын жетишсиздиги.

# «Жараандар Аракетте» демилгелуу тобунун ишмердүүлүгү:

- Айыл өкмөткө кат аркылуу кайрылууларды жазуу.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жолугушууларды өткөрүү, чогуу талкуулоо.
- Айылдагы көйгөйлөрдү чечүүдө бардык кызыкдар тараптарды аныктоо, колдо болгон ресурстарды талдап аныктоо.
- Бюджеттик коомдук угууларга катышып, көйгөйлөрдү чечүү боюнча сунуштарды бюджетке киргизүү.





# Эң негизги көйгөй таштанды маселеси:

- Мин-Булак айылынан өтө алыс эмес 150 метр алыстыктагы жерде көп жылдан бери таштандыларды айыл тургундары ыргытып келген.
- Таштандылардын арасында малдын өлүктөрү да болгон.
- Натыйжада таштандыдан чыккан сасык жыттар, пластиктер шамал болгондо айыл ичине чейин жеткен.



# Көйгөйдү кантип чечтик.
# Таштандынын ордуна эс алуу паркын уюштуруу

**Демилгелүү топ 2 багытта иш алып барды:**

- Айыл өкмөткө кайрылуу кат жазды.
- Бюджеттик коомдук угууга катышып, жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлдүрдү (136 миң сом).
- Жашоочулардын арасында түшүндүрүү иштерди жүргүздү.

**Айыл өкмөтү аткарган иштер:**

- Таштанды таштаган жерге паркты уюштуруу чечимин кабыл алды.
- Таштанды чогулган жерди техникалардын жардамы менен тазалады.
- Уюшулуп жаткан парктын аянтын тосту.
- Жаңы уюшулуп жаткан паркка керек болгон көчөттөр (70 даана) менен камсыз кылды.







# Таштандынын ордуна эс алуу паркын уюштуруу

**Коомчулук жана демилгелүү топ тарабынан төмөнкү иштер бүткөрүлдү:**

- парктын аянтын тосуу, кыктарды себүү, көчөттөрдү отургузуу, парктын ичин тазалап, сугарып, багуу иштерине катышуу.

**Жыйынтыгында Миң-Булак айылында элдин эс алуусу үчүн парк уюшулду!**





# Эмне үчүн бул тажрыйбаны ийгиликтүү деп ойлойбуз?

**Себеби:**

- Мындай иш аракет аркылуу коомчулук, демилгелүү топ жана жергиликтүү бийлик чогуу көйгөйдү чечсе болот.
- Айылдын жашоочуларынын аң сезимин өзгөртө алдык: жашоочулар атайын жерлерге таштанды таштай баштады.
- Бош жаткан жерди башка максатка пайдаланууга мүмкүн экендигине ынандык.
- Айылдын жашоочуларынын демилге көтөрүүсүнө түрткү бердик.
- ЖӨБ органдарынын калк алдындагы ачыктыгы жана жоопкерчилиги бир кыйла өстү.

# Демилгени улантуу, келечекке пландар жана байге фондун пайдалануу:

**Жаны уюшулган паркты андан ары өнүктүрүү үчүн кошумча жабдууларды алабыз:**

- Таштанды чогултуучу чакалар
- Скамейкалар
- Кечкисин жарык берүүчү мамычалар
- Суу чачы п сугаруучу тегеренме
- Чөп чабуучу шайман
- Сугаруу учун пластик шланг
- Суу соруучу насос
- Күрөктөр
- Тырмоолор
- Кол арабалар





**Көнүл бурганыңыздарга чоң рахмат!**